***DOI:10.26104/NNTIK.2023.42.93.054***

***Таиров Х.Р.***

# КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУНДАГЫ СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БААТЫРЛАРЫ

***Таиров Х.Р.***

# ГЕРОИ СОЦИАЛИСТИЧЕСКОГО ТРУДА И КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА

***Kh. Tairov***

# HEROES OF SOCIALIST LABOR AND THE KYRGYZ REPUBLIC OF KADAMJAY DISTRICT

*УДК: 94(575.2)*

*Макалада жогорку даражадагы ардактуу наамдын коомго тийгизген ролу, орду жана анын өлкөнүн өнүгүүсүнө кошкон салымы камтылган. Сыйлоонун тартиби, тутуму өлкөнүн жарандарынын пайдалуу иш-аракеттерин стимулдаштыруунун эң маанилүү каражаттары катарында анализденди. Элдин моралдык-психологиялык абалын жогорку деңгээлге көтөрүүнүн принциптери, иш-аракеттерин татыктуу баалоонун жана мамлекеттик апараттын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору иретинде каралды. Кадамжай районунундагы Социалистик Эмгектин жана Кыргыз Республикасынын Баатырлары, аларга мамлекттик сыйлыктардын берилиши жана алардын өзгөчөлүктөрү ошондой эле мамлекеттик символдордун компоненттери жана мамлекетти башкаруунун, кадр саясатын жүргүзүүнүн маанилүү элементи катары чагылдырылды.*

***Негизги сөздөр**: Социалистик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Республикасынын Баатыры, сыйлык, Кадамжай району, сымап, сурьма, пахта, А. Масалиев.*

*В статье рассматривается роль и место высокого почетного звания в обществе, а также его вклад в развитие страны. Более подробно проанализированы порядки системы поощрения своих граждан, которая является важным средством стимулирования полезной деятельности. Определены принципы повышения морально-психологического состояния народа на высоком уровне, достойной оценки его действий, как фактор повышения эффективности деятельности государственного аппарата. Герои Социалистического Труда и Кыргызской Республики Кадамжайского района и них награждение государственными наградами а также особенности и компоненты государственных символов. Также определена роль государственных наград, как важный элемент управления и кадровой политики страны.*

***Ключевые слова**: Герой Социалистического Труда, герой Кыргызской Республики, награда, Кадамжайский район, ртуть, сурьма, хлопок, А. Масалиева.*

*The article examines the role and place of a high honorary title in society, as well as its contribution to the development of the country. The order, the reward system is the most analyzed, its citizens are an important means of stimulating useful activities. The principles of increasing the moral and psychological state of the people at a high level, worthy of evaluation of their actions, as a factor in increasing the efficiency of the state apparatus are determined. Hero of Socialist Labor of the Kyrgyz Republic of the Kadamzhai region, awarding state awards, their features and components of state symbols. The role of state awards as an important element of management and the country's personal policy.*

***Key words**: Hero of Socialist Labor, hero of the Kyrgyz Republic, award, Kadamzhay district, mercury, antimony, cotton, A.Masaliev.*

Мамлекеттик сыйлыктар – мамлекет үчүн маанилүү идеяларды жана коомдогу мамлекеттик идеологияны ишке ашыруунун натыйжалуу каражаттарынын бири болуп саналат. Ошондой эле жарандардын мамлекет алдындагы милдеттерин аткаруусуна жана алардын мекен алдындагы жоопкерчилигин арттырууга, жаш муундарды патриоттук рухта тарбиялоого түрткү берет. СССРдин сыйлыктарынын тутумунуна талдоо жүргүзүү ар кандай тарыхый мезгилдердин мыйзамдык, идеологиялык жана социалдык үзгүлтүксүздүгүн аныктоого өбөлгө түзөт. Бул теманы анализдөө мамлекеттик ишмердүүлүктүн ар кандай тармактарында, жарандарды кубаттоодо мамлекеттик сыйлыктардын маанилүүлүгүнө байланыштуу. Сыйлык – бул адамдардын иш-аракеттерин баалоонун татыктуу далили жана мамлекеттик апараттын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү фактору. Мамлекеттин сыйлык тутуму өз жарандарынын социалдык пайдалуу иш-аракеттерини стимулдаштыруунун эң маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат. Мамлекттик сыйлыктар эмгекчилердин өлкөнүн социалдык-экономикалык потенциялын көтөрүүгө, эл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы үчүн ыйгарылып турган. Байыркы убакта «сыйлык» деген түшүнүк, мамлекеттин дем берүүчү эң жакшы каражаттарынын бири катары эсептелген.

Улуу Ата-Мекендик согуштан кийин, жалпы союздук республикаларда бүлгүнгө учураган чарбаны калыбына келтирүү иш чаралары жүрүп жатты. Мамлекет тарабынан эмгекчилерди эмгекке кызыктыруу, айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында социалистик мелдештер уюштурулду. Ошол социализм идеясы миллиондогон адамдардын дилинен кайткыс орун алып, анын ишине чексиз берилип турган учурда «баатырдык» наамдын аткара турган кыз-

маты бар эле. Ал эми «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген наам 1938-жылы 27-декабрда кабыл алынган. Буга чейин «Эмгек Баатыры» деген наамдар бар болчу. Наамдар СССРде чарбалык жана маданий иштердеги өзгөчө эмгеги үчүн берилген. «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген биринчи наам 1939-жылдын 20-декабрындагы жарлык менен И.В. Веллге ыйгарылган [1]. В.А. Дегтярев 1940-жылдын 2-январындагы жарлыктын негизинде экинчи «Социалисттик Эмгектин Баатыры», Ф.В. Токарев (1940-жылдын 28-октябрындагы Жарлык) үчүнчү «Социалисттик Эмгектин Баатыры» наамына ээ болгон.

«Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген наам чарбалык жана маданий курулуш тармагындагы адамдарга берилүүчү жогорку даражадагы наам болуп саналат жана өнөр жай, айыл чарба, маданият, илим, билим берүү тармагында өзгөчө көрүнүктүү жаңылыгы менен айрымаланган адамдарга ыйгарылган [2]. СССРдин өсүшүнө бараандуу салым кошкон инсандар бекитилген жобого ылайык Социалисттик Эмгектин Баатыры, Ленин ордени жана СССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1940-жылдын 22-майындагы «Социалисттик Эмгектин Баатырларына кошумча белгилер жөнүндө» жарлыгынын негизинде «Орок жана Балка» алтын медалы белгиленген. СССР Жогорку Советинин Президиуму 1967-жылдын 6-сентябрындагы жарлыгы менен Социалисттик Эмгектин Баатырларына, Советтер Союзунун Баатырларына жана үч даражадагы Даңк орденинин кавалерлери үчүн сыйлыктар каралган. 1973-жылы 14-майдагы жарлык менен Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы жөнүндөгү жобо жаңы редакцияда бекитилген [1]. Баатырлардын тирүүсүндө коло бюсттор орнотулган эмес. 1991-жылы бул наам СССРдин сыйлык системасы менен бирге жоюлган.

СССР кулагандан кийин, тирүү калган Социалисттик Эмгектин Баатырлары 2006-жылдын 1-июлунан баштап жыл сайын 26847 рубль (2021-жылдын 1-февралынан баштап 50755 рубль 54 копеек) сый акы алышкан [3]. Жалпысынан «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген наам 20747 жолу берилген. Ал эми 89 адам ар кандай себептер менен бул наамдан ажыратылса, 45 кишиге наам ыйгаруу жөнүндөгү жарлык негизсиз деп жокко чыгарылган. Дагы 3 адам «Орок жана Балка» медалынан ажыратылган. Ошентип, СССР боюнча Социалисттик Эмгектин Баатырларынын акыркы саны 20614 адамды түзгөн [3], анын ичинен 201 адам эки жолу, 16 адам үч жолу татыктуу болгон. Бул жогорку наамды өлгөндөн кийин 20дан кем эмес адам алган. Сыйлангандардын ишмердүүлүгүнүн багыттары боюнча бөлүштүрүлүшү: айыл чарбасы – 12441, өнөр жай – 4856, курулуш – 1076, транспорт – 800, илимий мекемелердин кызматкерлери – 319, СССРдин жана республикалык илимдер академияларынын академиктери жана мүчө-корреспонденттери – 273, билим берүү – 155, мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын өкүлдөрү – 123, СССР Коргоо Министерствосунун өкүлдөрү – 100, КПССтин ветерандары – 9, ички иштер жана мамлекеттик коопсуздук органдарынын өкүлдөрү – 5, башка тармактардын кызматкерлери – 89.

Алардын ичинде Кыргыз ССРинде биринчи жолу Социалистик Эмгектин Баатыры деген наам СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1948-жылдын 26-мартындагы жарлыгы менен буудайдан, пахтадан жана кант кызылчасынан түшүм алган 41 колхозчуга ыйгарылган. Кыргызстандагы Социалисттик Эмгектин Баатырларынын басымдуу көпчүлүгү айыл чарба кызматкерлери 220 адам, жеңил өнөр жай тармагында 8 адам, курулуш жана мамлекеттик башкаруу тармактарынан 7 ден, маданияттан 5, атомдук, машина куруу, көмүр өнөр жайы, транспорт тармактарыдан 4 төн, металлургия жана тамак-аш өнөр жайыдан 3 төн, байланыш, илим, билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарыдан 2 ден, электроника жана өнөр жай курулуш тармактарыдан 1 ден татыктуу болушкан.

Кадамжай районунан 4 адамга мындай мамлекеттик жогорку сыйлык ыйгарылган. Бул сыйлыкка көрсөтүлүүсүнүн негизи, өнөр-жай тармагындагы ийгиликтери менен Маканов Орозбайга, Тешеев Сайдиллага, Кретинин Иванга, айыл чарбадагы жетишкендиги үчүн Миталипов Мейманга «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген наам ыйгарылган.

Айдаркен сымап комбинаты райондун гана экономикасына салым кошпостон, бүткүл союздун экономикалык өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизген. Комбинаттын ишке киргизилиши өтө татаал шартта ишке ашырылган. Илимий техниканын алсыз мезгилинде жумушчу күчү оор кызматтарга тартылат. Ата Мекендик согуш жылдарында кенди иштетүүгө өзгөчө көнүл бурулган. Ошондой эле басымдуу күчтү фабрикаларга жумшашып, анын монтаждоо ишин 4 айда бүтүрүшкөн.

Согуш талаасынан келген А.О. Айропетяндын жасаган эрдиктерин баса белгилөө зарыл, ага компрессордук станцияны өрчүтүү милдети тапшырылат. Алгач 9 кубометр кысуучу аба иштеп чыгаруучу компрессордук машина иштеп келген болсо, 1943-жылы 40 кубометрге жеткен. Ал эми 1944-жылы апрель айларында 45 кубометрдик экинчи машина ишке киргизилет. Бул тоо иштеринде бургулоо, жүктөө, металл

заводундагы мештердеги процесстерди механизациялоого зор жардам берген.

Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы күндөрүнөн баштап эле Кыргызстандын түштүгүнүн экономикасы согуштук кырдаалга жараша өнүгө баштайт. Мисалы: партиянын Ош обкомунда көмүр-кен бөлүмдөрү түзүлөт. Кадамжай сурьма комбинатындагыдай эле Айдеркен сымап комбинатында коргонууга зарыл болгон продукцияны өндүрүүнү тездетүү жана сапаттуулугун камсыз кылуу максатында ВКП (б) Борбордук Комитетинин парторгдору дайындалып иштей баштаган. Донбасстагы Никитов сымап комбинатынын негизги фонду көчүрүлүп келип, Айдаркен сымап комбинатына өткөрүлүп берилген. Ошентип, 1942-жылдан тартып Айдаркен тоо металлургиялык комбинаты толук кубаттуулукта иштей баштаган [2].

Согуштан кийинки беш жылдык планды Айдаркендиктер мөөнөтүнөн мурда аткарууга жетишкен. Алардын арасында Маканов Орозбай (1931-жылы Кадамжай районунун Бел айылында туулган) СССР түстүү металлургия министрлигине караган Айдаркен сымап комбинатынын штуцер-машинисти болгон. Эмгек жолун 1947-жылы «Бирлик» колхозунда эсепчи болуп иштөөдөн баштап, андан соң эмгекчилер депутаттарынын Бирлик айылдык Советинин аткаруу комитетинин катчысы болуп шайланган. 1956-ж. Айдаркан сымап комбинатында жумушчу болуп иштеп жүрүп, 1963-ж. КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган. Жети жылдыктын (1959-1965-жж.) жыйынтыгы боюнча жогорку эмгектеги жетишкендиктери үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Ал сегизинчи беш жылдыктын (1966-1970-жж.) өндүрүштүк тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундаткан.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1971-ж. 30-мартындагы жарлыгы менен Маканов Орозбайга «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген наам ыйгарылган [4]. Мындан сырткары комбинатты өнүктүрүүдө кошкон зор салымы жана ийгиликтери үчүн Ленин ордени жана «Орок жана Балка» алтын медалы менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 7-8-чакырылышынын депутаты болуп шайланган (1967-1975), 1981-жылы каза болгон [4].

Комбинат деңиз деңгээлинен 2000 метр бийиктикте жайгашкан, өзүнчө бир уникалдуу Айдаркен шаарчасы өсүп чыккан. СССР жоюлгандан кийин шаарчанын социалдык-экономикалык абалы начардаган, сырьенун кээ бир түрлөрү чет өлкөлөрдөн ташылып келгендиктен көптөгөн чыгашаларды талап кыла баштады. Айдаркен сымабын Голландия, Германия сыяктуу өнүккөн өлкөлөр сатып алып турат. Сымап рудасынын составында 70 тен ашык минерал – киноварь, циннобарит, галенит, антимонит, кальцит, барит жана башкалар бар.

Айдаркен сымап комбинаты менен бир мезгилде башталып, продукция бере баштаган дагы бир кен бул Чаувай кени. Чаувай металлы өзүнүн сапаттуулугу менен айырмаланган [4]. Ушул кендин металлынын эсебинен Айдаркен сымабынын да сапаттуулугу артып, мурдагы Союз боюнча биринчиликти колдон чыгарышчу эмес. Чаувай кенинде Эмгек Кызыл Туу ордендеринин ээлери металлург Эргеш Сатыбалдиев, кенчи Ысак Сыдыков эмгектенишкен. Учурунда Чаувай кенинде 10 минге жакын калк эмгектенишкен.

Кадамжайдагы Түштүк тоо-металлургиялык комбинатында (ЮГМК) сымап, коргошун, сурьма, цинк концентраттарынан сурьманын көптөгөн кошулмалары (пятисернистая сурьманы, шлиппенин тузун, сурьманын трехокисин, трехсернистая сурьманы) алышкан. ЮГМК өз алдынча сурьма комбинаты статусун 1957-жылы алган. Ошол мезгилден сурьма тармагы бир кыйла интенсивдүү өнүгө баштады. 1968-ж. Комбинатта сурьманы зондук тазалоо технологиясынын курулушу бүтөт. 1970-ж. байытуу коллективи тарабынан күкүрт өнөр жайы үчүн жогорку сапаттагы концентраттар чыгаруу өздөштүрүлгөн. Ата-Мекендик Кадамжай сурьмасы эл аралык эталон болуп калды.

Тешеев Сайдулла 1925-жылы Охна айылында туулган. Эмгек жолун 1939-жылы Киров колхозунда колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1942-жылдан Кызыл Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1945-жылы демобилизациялангандан кийин Сайдулла Тешеев мекенине кайтып келип, кайрадан Киров атындагы колхоздо иштеп, 1950-жылы Кадамжай сурьма комбинатында (Фрунзе атындагы Түштүк тоо-металлургиялык комбинатында) иштеген. Комбинат металл сурьмасын чыгаруу боюнча СССРдеги эң ири ишкана болгон жана дүйнөдөгү ушул түрдөгү эң ири ишканалардын бири болуп эсептелген. Анын продукциясы металл сурьмасынын жана анын кошулмаларынын (коргошун, вольфрам, висмут, калай) ондон ашык түрү өндүрүлгөн. Ишкананын продукциясы Советтер Союзунун көп сандаган ишканаларына, Кытайга жана Европага жөнөтүлүп турган. Алгач С.Тешеев металл сурьмасын эритүү боюнча негизги өндүрүш участогунда эритүүчү болуп иштеген. Ал «Коммунисттик эмгектин ударниги» деген ардактуу наамды алуу үчүн социалисттик мелдешке активдүү кошулуп, биринчилерден болуп татыктуу болгон. 1960-жылдын 28-майындагы СССР Жогорку Советинин Президиумунун жарлыгы менен бригадалар жана коммунисттик эмгектин ударниктери деген наам үчүн мелдешти уюштуруудагы мыкты өндүрүштүк ийгиликтери жана демилгеси үчүн Сайдулла Тешеевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылат. Ленин ордени жана «Орок жана Балка»

алтын медалы берилген. Кийинчерээк эритүүчү цехтин бригадири болуп иштеп, 7-беш жылдыктын жыйынтыгы боюнча (1959-1965-жж.) Эмгек Кызыл Туу ордени менен, 8-беш жылдыкта (1966-1970-ж.) Октябрь Революциясы ордени менен сыйланган. СССР Жогорку Советинин 7 жана 8-чакырылышынын (1966-1974), Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп шайланган. 1977-жылы пенсияга чыккан. Союздук маанидеги персоналдык пенсионер. 1985-жылы 6-июлда каза болгон [4].

Кретинин Иван Терентьевич (1931-2012-жж.) СССРдин түстүү металлургия министрлигинин Фрунзе атындагы Түштүк тоо-металлургия комбинатынын Кадамжай шахтасынын тоннелчилеринин бригадири. 1931-жылы Батыш Сибирдин азыркы Алтай чөлкөмүнүн Краснощековск районунун аймагында туулган. Эмгек жолун 1946-жылы баштап, катардагы колхозчу, тракторист болуп иштеген.

Иван Терентьевич Советтик Армиянын катарында аскердик кызматын өтөп келгенден кийин 1951-жылы Кадамжай шахтасына ишке кирген. Бул жерде ал бургулоочу, бекитүүчү, жүктөгүч-машинист адистиктерин жакшы өздөштүргөн. 1960-жылы ал уран концентратын казып алуу боюнча монтаждоочулар бригадасын жетектеген. Анын жетекчилиги астында коллектив тоннелдерди казуунун наркын бир кыйла төмөндөтүүгө, материалдардын чыгымдалышын кыскартууга жетишти. Бригада 7-беш жылдыкта (1959-1965-ж.) өндүрүштүк планды 119-128% орундаткан [4]. Бригаданын тажрыйбасы өлкөбүздүн көп сандаган тоннелдик бригадаларынын энчиси болуп, 1965-жылы СССРдин эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө (ВДНХ) катышып, тоо-металлургия комбинаттарынын шахтёрлорунун социалисттик мелдешинде жеңишке ээ болгон. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1966-жылдын 20-майындагы жарлыгы менен түстүү металлургияны өнүктүрүүдө жетишилген зор ийгиликтери үчүн Кретинин Иван Терентьевич. Ленин ордени жана «Орок жана Балка» алтын медалы менен Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга ээ болгон. Кийинки жылдарда да бригаданын шахтёрлору сурьма өндүрүүнүн жогорку темптерин көрсөтүштү. 1984-жылдан бери союздук маанидеги персоналдык пенсионер. Ленин ордени (20.05.1966), медалдар, ошондой эле СССРдин ВДНХсынын медалы (1965) менен сыйланган.

Миталипов Мейман 1932-жылы Фрунзе районунун Кыргыз-Кыштак айылында төрөлгөн, пахтачы-механизатор. 1957-жылдан КПСС мүчөсү болгон. Ага СССР Жогорку Советинин Президиумунун жарлыгына ылайык 1966-жылдын 30-апрелинде «Социалистик Эмгектин Баатыры» наамы берилген. Эмгек жолун 1945-жылы колхоздо иштөөдөн баштаган, кийин тракторист. 1955-жылдан Халмион МТСинде бригадир-механик. 1956-жылдан 21-партсъезд атындагы колхоздо пахтачылык бригадасынын бригадири болуп анын бригадасы 100 га аянттын ар гектарынан 30,1 центнерден пахта жыйнап алган, анын 68% машина менен жыйналган. 1971-жылы Ош айыл чарба техникумун бүтүргөн. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери, медалдар менен сыйланган. 1980-1984-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болгон [4].

«Кыргыз Республикасынын Баатыры» деген мамлекеттик наам Кыргыз Республикасынын жогорку даражадагы өзгөчөлүк белгиси болуп, ал 1996-жылы 16-апрелде» Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары» жөнүндөгү мыйзамынын негизинде түзүлгөн. Эң жогорку артыкчылык даражасы «Ак Шумкар» өзгөчө белгисин жана тиешелүү күбөлүктү тапшыруу менен бир жолу ыйгарылат. Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 25-июнундагы №256 жарлыгы менен А.М. Масалиевге Кыргызстандын жана кыргыз элинин алдындагы өзгөчө жеке кызмат көрсөткөндүгү жана мекенине жан аябас кызмат кылуунун үлгүсү, мамлекеттик кызматтагы жогорку жарандык позициясы үчүн Кыргызстандын жогорку сыйлыгы – «Кыргыз Республикасынын Баатыры» наамы ыйгарылып, «Ак Шумкар» атайын төш белгиси менен сыйланган. Анткени ал Кыргыз ССРинин КП БК 1-катчысы болуп 1986-1991-жылдары республиканы башкарып турган мезгилде, республика бардык тармактар боюнча жогорку көрсөткүчкө жана ийгиликке жетишкен [5]. Быйылкы жылы А. Масалиевдин 90-жылдык маарекеси Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгына ылайык мамлекеттик жогорку деңгээлде өткөрүлүп жатат [6].

А.М. Масалиев 1933-жылы 10-апрелде азыркы Баткен облусунун Кадамжай районундагы Алыш кыштагында туулган. Көп жылдык үзүрлүү ишмердүүлүгү үчүн эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, Октябрь Революциясы ордени, КМШ Парламенттер аралык ассамблеясынын Шериктештигинин ордени, III- даражадагы “Манас” ордени жана медалдар менен сыйланган. А.М. Масалиев 2004-жылдын 31-июлунда Бишкек шаарында каза болгон. 2005-жылы Бишкек шаарындагы Мамлекеттик ишмерлердин аллеясында А.М. Масалиевдин бюсту орнотулуп, анын ысымы Бишкек, Ош, Каракол ж. б. шаарларынын чоң көчөлөрүнө ыйгарылган. Ошондой эле Кадамжай районунун Кара-Дөбө айыл аймагы А. Масалиев айыл аймагы болуп аталып калган [5].

Мамлекеттин сыйлоо системасынын башкы милдети мамлекеттин атынан эрдик жасагандарга сыйлык берүү аркылуу элдин моралдык-психологиялык абалын жогорку деңгээлде кармап туруу болуп саналат. Көп жылдар бою бардык күчүн жана билимин жаңы коомду курууга жана мамлекеттин өнүгүүсүнө жумшаган адамдардын теңдешсиз эрдиги ушундай жол менен белгиленет. СССРдин ошондой эле Кыргыз Республикасынын сыйлык системасы мамлекеттүүлүктүн маанилүү элементтеринин бири жана ал натыйжалуу саясат жүргүзүүнүн, мамлекеттик башкаруунун куралы болот. Элдин биримдигин чыңдоодогу жана коргоодогу, өлкөнүн экономикалык, интеллектуалдык, рухий потенциалын арттыруудагы граждандардын салымын, ошондой эле мамлекет жана элдин алдындагы коомдук, гуманитардык жана башка иштерге сиңирген эмгегин таануунун жогорку формасы. Мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо жана ардак наамдарды ыйгаруу жөнүндө жарлыкты чыгаруу, андан ары мамлекеттик сыйлыктарды же ардак наамдардын документтерин тапшыруу менен жүзөгө ашырылат. Сыйланган адамга мамлекеттик сыйлык тапшырылып, сыйлоону ырастоочу документ берилет.

**Адабияттар:**


1. Кузмин М.К. Герои Социалистического Труда. - М., 1988.
2. Асанканов А.А. Кыргыз Тарыхы. Энциклопедия. - Б., 2003, - 284-б.
3. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. - Ф., 1989, - 401-б.
4. Орузбаева Б.О. Ошская область. Энциклопедия. - Ф., 1987, - 450-б.
5. Осмонов Ө. «Кыргызстандын тарыхы». - Б., 2003. - 146-б.
6. Указ Президента ыргызской Республики о праздновании 90-летия юбилею А.Масалиева (10.01.2023.). [Электронный ресурс] www.presi dent.kg
7. Таиров Х.Р., Кыпчакова Ж.С. История развития Кадамжайского сурьмяного комбината. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 8. С. 85-89.
8. Таиров Х.Р. развитие сельского хозяйства Кадамжайского района. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 6. С. 167-170.